**Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу Эл аралык Бейтарап соттун Байкоочу кеңешинин 2021-жылдын 15-мартындагы чечими менен**

**БЕКИТИЛГЕН**

# Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу Эл аралык Бейтарап соттун арбитраждык чыгымдары жана жыйымдары тууралуу Жобо

## 1. Терминдердин аныктамасы

1.1. ***«Каттоо жыйымы»*** – Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу Эл аралык Бейтарап сотко (мындан ары – СӨП ЭБС) доо арызын берүүдө бейтарап соттун курамы менен талаш-тартышты чечүү башталганга чейин келип чыккан чыгымдарды жабуу үчүн төлөнүүчү жыйым.

1.2. ***«Арбитраждык жыйым»*** – СӨП ЭБС иши, арбитрлардын гонорарлары, бейтарап териштирүүнү уюштуруу боюнча чыгымдар менен байланыштуу жалпы чыгымдарды жабуу үчүн СӨП ЭБС териштирүү үчүн берилген ар бир доо боюнча алынуучу жыйым.

1.3. ***«СӨП ЭБС кошумча чыгымдары»*** – СӨП ЭБС дайындуу иштерди териштирүүгө байланыштуу тарткан өзгөчө коромжулар (экспертизаларды жана жазуу жүзүндөгү котормолорду, эксперттерге жана котормочуларга сыйакыларды берүүнү жүргүзүүгө, күбөлөрдүн чыгымдарын, шаардан тышкаркы жана эл аралык арбитрлардын келип-кетүү жол кирелерин жана жашап туруу чыгымдарын, иш сапарлык ж. б. чыгымдарын калыбына келтирүүгө коромжулар).

1.4. ***«Тараптардын коромжулары»*** – тараптардын өз кызыкчылыктарын коргоого байланыштуу СӨП ЭБС териштирүүдө тарткан чыгымдары.

## 2. Каттоо жыйымы

2.1. Доонун баасы 500 АКШ долларына чейин болгондо каттоо жыйымы 10 АКШ долларына эквиваленттүү суммада; доонун баасы 501 АКШ долларынан 1000 АКШ долларына чейин болгондо – 25 АКШ долларына эквиваленттүү суммада; доонун баасы 1001 АКШ долларынан 5000 АКШ долларына чейин болгондо – 150 АКШ долларына эквиваленттүү суммада; доонун баасы 5001 АКШ долларынан 10000 АКШ долларына чейин болгондо – 300 АКШ долларына эквиваленттүү суммада; доонун баасы 10000 АКШ долларынан жогору болгондо – 500 АКШ долларына эквиваленттүү суммада, каттоо жыйымын төлөө датасына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча төлөнөт. Арбитраждык жыйымды андан кийин төлөөдө каттоо жыйымы арбитраждык жыйымдын суммасына эсептелет.

2.2. Каттоо жыйымы кайра кайтарылып берлүүгө жатпайт.

## 3. Арбитраждык жыйым

3.1. Арбитраждык жыйым Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын арбитраждык жыйымды төгүү датасына карата курсу боюнча АКШ долларына эквиваленттүү суммада төмөнкү шкалага ылайык эсептелип чыгарылат:

| ДООНУН БААСЫ US $ | АРБИТРАЖДЫК ЖЫЙЫМ |
|---|---|
| чейин 250 | 10ден ашкан суммадан 10+5% |
| 251ден 500ге чейин | 15ден ашкан суммадан 15+10% |
| 501ден 750ге чейин | 25ден ашкан суммадан 25+10% |
| 751ден 1000 чейин | 35ден ашкан суммадан 35+10% |
| 1001ден 5000ге чейин | 1000ден ашкан суммадан 150 + 4 % |
| 5001ден 10000ге чейин | 5000ден ашкан суммадан 310 + 3 % |
| 10001ден 50000ге чейин | 10000ден ашкан суммадан 500 + 2 % |
| 50001ден 100000ге чейин | 50000ден ашкан суммадан 1300 + 1,5 % |
| 100001ден 200000ге чейин | 100000ден ашкан суммадан 2050 + 1 % |
| 200001ден 500000ге чейин | 200000ден ашкан суммадан 3050 + 0,9 % |
| 500001ден 1000000ге чейин | 500000ден ашкан суммадан 5750 + 0,8 % |
| 1000001ден 2000000ге чейин | 1000000дон ашкан суммадан 9750 + 0,7 % |
| 2000001ден 5000000ге чейин | 2000000дон ашкан суммадан 16 750 + 0,6 % |
| 5000000ден ашканда | 5000000дон ашкан суммадан 34 750 + 0,5 % |

3.2. Келишимдерди өзгөртүүдө, бузууда келип чыгуучу талаш-тартыштар боюнча, бүтүмдөрдү жараксыз деп таануу жөнүндө талаш-тартыштар боюнча доо араздардан, арзыбаган бүтүмдөрдүн жарамсыздыгынын кесепеттерин колдонуу жана башка мүлктүк эмес талаш-тартыштар жөнүндө доолор боюнча, ошондой эле милдеттерди натуралай аткарууга карата ыйгаруу укугун таануу жөнүндө арыздардан арбитраждык жыйымдар төмөнтө белгиленген ставкалар боюнча, талаш-тартыштагы келишимдердин суммасынан улам, же болбосо натуралай аткарууга ыйгаруу талаптарынын суммасына жараша алынат, жана арбитраждык жыйымды чыгаруу датасына Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча АКШ долларына эквиваленттүү суммада, төмөнкү шкалага ылайык эсептелет:

| Доонун баасы, US $ | Арбитраждык жыйым, US $ |
|---|---|
| 5 000 чейин | 250 |
| 5 001ден 7 500ге чейин | 350 |
| 7 501ден 10 000ге чейин | 500 |
| 10 001ден 50 000ге чейин | 1 000 |
| 50 001ден 100 000ге чейин | 1 500 |
| 100 001 жогору | 2 000 |

3.3. Иштин татаалдыгын, бейтарап териштирүүгө байланыштуу убактылуу чыгашалардын жана чыгымдардын олуттуу жогорулаганын эске алуу менен, СӨП ЭБС Төрагасы арбитраждык жыйымдын көлөмүн көбөйтүү тууралуу чечим чыгарууга укуктуу.

3.4. Арбитрлардын гонорарлары Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы Эл аралык соттун гонорарлары жөнүндө иштер боюнча Жобого ылайык белгиленет.

3.5. Арбитраждык жыйым аванс менен төлөнөт.

3.6. Эгерде доонун баасы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында көрсөтүлсө, арбитраждык жыйым сом менен төлөнөт. Доонун баасын АКШ долларына кайра эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын доо коюлган датага карата белгиленген курсу колдонулат. Доогердин каалоосу боюнча арбитраждык жыйым, эгерде бул колдонуудагы валюталык мыйзамдарга карама-каршы келбесе, ага АКШ долларында төлөнүп берилиши мүмкүн.

3.7. Арбитраждык жыйым, эгерде доонун баасы чет өлкөлүк валютада көрсөтүлсө, АКШ долларында төлөнөт.

3.8. Доогердин өтүнүчү боюнча СӨП ЭБС Төрагасы арбитраждык жыйымды, АКШ долларына караганда эркин конвертирленген башка валютада төлөөгө уруксат берүүгө укуктуу.

**4. Арбитраждык жыйымдын көлөмүн азайтуу**

4.1. Эгерде иш жекече арбитр тарабынан каралып жатса (талаш-тартыш Тездетилген Регламенттин эрежелери боюнча жекече арбитр тарабынан каралган учурларды кошпогондо), арбитраждык жыйым 30%га азайтылат.

4.2. Эгерде доогер тараптарга ишти угуунун датасы дайындалганы жөнүндө кабарландыруу жиберилгенге чейин доосун чакыртып алса, арбитраждык жыйым 75%га азайтылат.

4.3. Эгерде доогер тараптарга кабарландыруу жиберилгенден кийин, бирок алып айтканда, тараптар талаш-тартышты тынч жол менен жөнгө салышканынын натыйжасында, ишти биринчи угуунун датасына чейин доосун чакыртып алса, ошого тете СӨП ЭБС көрсөтүлгөн күнгө чейин тараптардын талашты СӨП ЭБС териштирүүдөн баш тартуулары тууралуу арыздарды алган башка учурларда, арбитраждык жыйым 50%га азайтылат.

4.4. Эгерде 4.3. пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлардын күчүнөн улам, териштирүү чечим чыгаруусуз, бейтарап арбитраждын биринчи же андан кийинки отурумдарында токтотулса, арбитраждык жыйым 25%га азайтылат.

4.5. 4.1–4.4-пункттарда каралган учурларда, арбитраждык жыйымды азайтылганы ишти токтотуу жөнүндө чечимде же аныктамада чагылдырылышы керек. Ишти териштирүү арбитраждын курамын түзгөнгө чейин токтотулган учурда, арбитраждык жыйымды азайтуу тууралуу чечим СӨП ЭБС Төрагасы тарабынан колдонулат.

4.6. Доогер тарабынан бейтарап териштирүү процессинде доо талаптарынын көлөмдөрү азайтылган учурда, арбитраждык жыйымдын суммасы кайра эсептелбейт жана азайтылбайт.

**5. Арбитраждык жыйым тосмо доо же кошуп эсептөө талаптары коюлганда**

5.1. Тосмо доого жана кошуп эсептөөгө коюлган талаптарга карата арбитраждык жыйым жөнүндө биринчи доого карата коюлган эрежелер эле колдонулат.

**6. Тараптардын ортосунда арбитраждык жыйымды бөлүштүрүү**

6.1. Эгерде тараптар башка тууралуу макулдаша алышпаса, арбитраждык жыйым ага каршы арбитраждык чечим чыгарылган тарапка жүктөлөт.

6.2. Эгерде доо жары-жартылай канаатандырылса, анда арбитраждык жыйым канааттандырылган доо талаптарынын көлөмүнө пропорционалдуу жоопкерге жана доо талаптарынын канааттандырылбаган бөлүгүнө пропорционалдуу – доогерге жүктөлөт.

**7. СӨП ЭБС кошумча чыгымдарын жабуу**

7.1. Арбитраждын курамы тараптарга же тараптардын ичинен алардын бирине бейтарап териштирүүнү алып баруу менен байланышкан СӨП ЭБС кошумча чыгымдарын жабууга аванс төгүү милдетин жүктөөгө укуктуу.

7.2. Кошумча чыгымдарды жабууга аванс СӨП ЭБС же арбитраждын курамы тарабынан, эгерде мындай билдирүү негиздүү деп таанылса, талаш-тартышты териштирүү боюнча кошумча чыгымдарды жаратуусу мүмкүн болгон иш-аракеттер жүзөгө ашыруунун зарылдыгы жөнүндө билдирген тараптан талап кылып алынышы мүмкүн. СӨП ЭБС же арбитраждын курамы бул тараптын кошумча чыгымдардын ордун толтурууга авансты төгүүсүнө жараша мындай иш-аракеттерди аткарууга белгиленген мөөнөт коюуга укуктуу.

7.3. Жоопкер тарабынан белгиленген мөөнөттө ушул Жобонун 7.1 жана 7.2 пункттарында аныкталган мөөнөттө аванс төгүлбөгөндө, мындай авансты төлөө доогерге жүктөлөт.

7.4. Териштирүүгө тарап тарабынан шайланган, СӨП ЭБС отруму өткөрүлүп жаткан жерден тышкары туруктуу турган жери бар арбитр катышкан учурда, бул тарап анын арбитраждык териштирүүгө катышуусу боюнча чыгымдарды (клип-кетүүсү, жашап туруусу боюнча ж. б.) төлөөгө аванс төгүшү керек. Бул учурда, эгерде мындай адам арбитраждын курамынын төрагасы болуп шайланса, анда анын арбитраждык териштирүүгө катышуусу боюнча чыгымдарды төлөө боюнча авансты ар бир тарап тең үлүштө төгүшү керек.

7.5. Эгерде ишти териштирүүдө тараптардын ичинен биринин өтүнүчү боюнча котормочунун катышуусу зарыл болсо, анда котормочунун катышуусуна байланыштуу кошумча чыгымдар ушул Жобонун 7.2 пунктунда белгиленген тартипте камсыз кылынат.

7.6. Эгерде тараптардын макулдугу боюнча ишти угуу орус тилинде алып барылбаса, анда которуу боюнча мүмкүн болуучу чыгымдарды төлөө тараптардын ар бирине жүктөлүшү мүмкүн.

7.7. СӨП ЭБС же арбитраждын курамы тарабынан тараптардын ортосунда кошумча чыгымдарды бөлүштүрүү ушул Жобонун 6-пунктуна ылайык жүзөгө ашырылат.

**8. Арбитраждык чыгымдардын жана жыйымдардын суммаларын төлөөнүн тартиби**

8.1. Арбитраждык чыгымдардын жана жыйымдардын суммалары алар СӨП ЭБС эсебине чегерилген же кассасына төгүлгөн күнү төлөнгөн болуп эсептелет.

8.2. СӨП ЭБС төлөнүүчү арбитраждык чыгымдардын жана жыйымдардын суммаларын банктык которуу боюнча коромжулар, тийиштүү төлөмдөрдү жүзөгө ашыруучу тарапка жүктөлөт.

**9. Тараптардын коромжулары**

9.1. Чечим пайдасына чыгарылган тарап, бейтарап териштирүүгө байланыштуу, алып айтканда, юридикалык өкүлдөр аркылуу өзүнүн кызыкчылыктарын коргоого байланыштуу келип чыккан, өзү тарткан коромжулардын ордун толтурууну башка тарапка жүктөөнү талап кыла алат.

**10. Арбитраждык чыгымдарды жана жыйымдарды башка бөлүштүрүү**

10.1. СӨП ЭБС же арбитраждын курамы дайындуу иштин жагдайларын эске алуу менен, арбитраждык жыйымды, СӨП ЭБС кошумча чыгымдарын жана тараптардын коромжуларын, алып айтканда, тараптардын ичинен биринин пайдасына башка тараптын максатка ылайыксыз же ак ниет эмес иш-аракеттеринен, анын ичинде бейтарап териштирүүнү негизсиз создуктурулушуна алып келген иш-аракеттеринен улам биринчиси тарткан ашыкча чыгымдарды тараптардын ортосунда бөлүштүрүүнүн ушул Жобонун 6–7 жана 9-пункттарында каралгандан башкача тартибин белгилөөгө укуктуу.

10.2. Биротоло акыркы чечимди чыгарууда байтарап соттун курамы чечимде арбитраждык чыгымдардын жана жыйымдардын суммаларын жана аларды тараптардын ортосунда бөлүштүрүүнү көрсөтөт.